
# ЧЕКИТЧИЛЕР



Үч чекитчи

## БАШТАЛГЫЧ КОНТЕНТЧИНИН КОЛДОНМОСУ

Үсөн, Үмүт, баары даяр болдубу?

Азыр мен дагы бир жолу тактап коеюнчу. Бул колдонмо ким үчүн керек?

Башкаларга эле лайк кое берип тажап, өзү дагы жарактуу контент чыгаргысы келгендер үчүн.

Бирок контентти чыгарып баштоодо жардамга муктаж болгондор үчүн.

Туптуура!

Кхе-кхе. Байкасам, дал ошондой бирөө азыр бизди окуп баштады окшойт...

Ой... Салам, окурман! Бул жерде сиз менен жолукканыбызга кубанычтабыз!

«Башталгыч контентчинин колдонмосуна» кош келиңиз!

Өзүңүзгө керек нерсени таптыңыз окшойт. Жогоруда биз сөз кылгандарыбызды сиз түшүнүү үчүн дароо эле негизгиден баштайлы.

## СӨЗДҮН БАШЫ – «КОНТЕНТ».

Content – англис тилинен которгондо мазмун. Ал кандайдыр бир маалыматты камтыган аудио, сүрөт, текст, видео түрүндө болот. Ал интернет сайттарда, социалдык тармактарда болорун беш колдой билебиз.

## КОНТЕНТ КЕРЕКТӨӨЧҮ ДЕГЕН КИМ?

Соцтармактарды жана интернетти жөн гана алтындай убактыңызды коротуу үчүн колдоносузбу? Анда-санда пайдалуу бир нерсени табуу үчүн деле пайдалансаңыз керек. Мындай болсо сиз жөнөкөй эле интернет колдонуучу же контент керектөөчүсүз.

## АНДА КОНТЕНТЧИ/КОНТЕНТ ЖАРАТУУЧУ ДЕГЕН КИМ?

Ал контент керектөөчүнүн
- көңүлүн өзүнө бурат;
- ага пайдалуу/пайдалуу эмес маалымат берет;
- кайсы бир платформаларда өз атынан же белгилүү бир аталыш менен күн/жума/ай сайын коомчулук үчүн материал чыгарып турат;
- лайк, комментарийлерди чогултат.

Негизи мындай адамдарды «блогер» деп аташат.

Контентчи/блогер болууну кааласаңыз ким жана эмне үчүн контент жараткыңыз келет? Бул суроого жооп берүү маанилүү. Өзүңүз менен акылдашып көрүңүз.

## БЛОГЕР/КОНТЕНТЧИНИН ЖООПКЕРЧИЛИГИ КАНДАЙ?

- Контентчи аудиториясын сыйласа (ал сыйлашы керек) дайыма чындыкты айтуусу зарыл.
- Дезинформатор атка конбош үчүн, даярдап жаткан материалы ар тараптуу текшерилүүсү маанилүү.
- Бирөөнүн беделине шек келтирбөө.
- Элдин ортосуна чыр сала турган курч сөздөрдөн алыс болуу. Болбосо, мындай жорук үчүн темир торго да түшүп калуу мүмкүн.

Дагы эле окуп жатасызбы? Демек бул колдонмо ээсин тапты. Сапарыбызды улайлы.

Контенттин эң кеңири кездешкени – макала (текст). Алыс кетпей эле, сиз окуп жаткан бул текст дагы контент. Жада калса видеоконтент жаратууда да алгач бардыгы текст түрүндө жазылат.



# МАКАЛА ЖАЗУУДА ЭМНЕЛЕРДИ ЭСКЕ АЛУУ КЕРЕК?

1. Алгач аудиторияны таанып алыңыз. Ким үчүн, эмнеге жазып жатасыз?
2. Аудиториянын тилинде сүйлөңүз. Клингон тилинде сүйлөп туруп алсаңыз сизди ким түшүнүп окумак эле?
3. Маалымат издей баштаңыз. Ар тараптуу материалдарды топтоп, аларды кылдат окуп чыгыңыз.
4. Баштема — макаланын жалпы маанисин түшүндүргөн кыска сүйлөм. Аны окуган адам материалга кызыгышы керек. Идеалдуу баштема алты-тогуз сөздөн куралат.
5. Баштема табышмак болбосун. Табышмактын жандырмагын табууга убакыт/каалоо/акыл жок.
6. Баштема суроолуу сүйлөм болсо, ачык болуусу керек. Мисалы, «Маек учурунда телефонго алаксый бересизби?» деген темага окурман «ооба» же «жок» деп жооп берип коет да, андан ары окубайт.
7. Лид — баштемадан кийинки биринчи абзац. Идеалдуу лидде карама-каршы пикирлер жазылат жана окуянын негизги учурлары баяндалат. Ал баштеманы окуган адамдын кызыгуусун дагы да арттыруусу керек.
8. Мазмунду жазып баштоодо план түзүп алыңыз. Болбосо оюңуз лабиринт болуп калышы ыктымал.
   А лабиринттин эмнеси жаман? Бешинчи пунктту караңыз.
9. Мазмундагы биринчи-экинчи сүйлөм чоң мааниге ээ. Аны болушунча кызыктуу кылып жазыңыз.
   Цитата же кызыктуу факт менен башталган текст кишинин көңүлүн бурат.
10. Так маалымат булактарына таяныңыз: изилдөөлөр, эксперттердин пикири ж.б. Аларга шилтемелерди тиркеп, булагын атап коюу керек.
11. Сүйлөмдөрдү кыска жана жөнөкөй тил менен жазыңыз.
    Узун сүйлөмдү окугандан эринебиз, түшүнгүбүз келбейт. Кыскасы – жалкообуз.
12. Абзацтарды саптар аралык пробелдер менен бөлүңүз. Ар бир абзац үч сүйлөмдөн ашпаганы жакшы.
13. Баары эле сиздей «Баарын билгич» болбосу анык. Терминдерди колдонсоңуз, аны түшүндүрүңүз. Мисалы: конфронтация (каршы туруу).
14. Статистика менен иштөөдө сандарды жалпылап бериңиз. Мисалы, 416 гектар жер аянты деп койсоңуз элестетүү үчүн кыйын болуп калат. Бул аянтты футбол талаасы менен салыштырып бериңиз.
15. 1-9 чейинки сандарды сөз менен жазыңыз. Мисалы, бир, эки, үч...
16. Макала төмөнкү суроолорго жооп бериши керек:
    Ким/эмне? Кайда? Качан? Эмне себептен? + Кантип?
17. Тыныш белгилерди туура коюу, катасыз жазуу – талкууланбай турчу нерсе. Ар дайым, ар жерде.



Мына оңой эле. Болгону 17 пункттун баарын эстеп, колдонуу керек. Жогоруда материал ар тараптуу текшерилиши керек деп сөз кылдык. Бул өзүнчө кызык процесс. Ал «фактчек» деп аталат.



## ФАКТЧЕК. ФЕЙКТИ КАНТИП АНЫКТАЙБЫЗ?

**ФАКТ** – бул ойдон чыгарылбаган чыныгы окуя, болгон же болуп жаткан көрүнүш.

**ФАКТЧЕК (FACT CHECK)** – фактыларды текшерүү, ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен текст, сүрөт жана видео түрүндөгү маалыматтардын чын-төгүнүн аныктоо дегенди билдирет.

**ФАКТЧЕКЕРДИН НЕГИЗГИ СУРООСУ – «ЧЫН ЭЛЕБИ?»**

Ал баарынан күмөн санайт. Уккан, көргөнүнө дароо ишенбейт. Кандай маалымат болбосун, баарын сын пикир менен баалап, текшерип чыгат. Демек сиз фактчекер болууну кааласаңыз скептицизм менен куралданыңыз.

## МААЛЫМАТТЫ ТЕКШЕРҮҮДӨ ЭМНЕЛЕРГЕ КӨҢҮЛ БУРУУ КЕРЕК?

Баарына.

- Булагы ким/эмне? Ал ишеничтүү булакпы? Маалыматтын баштапкы булагын издеңиз. Же бир нече көз карандысыз ресурстардан тастыктоолорду табыңыз.

- Датасына көңүл буруңуз. Кээде эски маалыматтар кайрадан эл арасында талкуу жаратып баштайт. Аларды «зомби-фейк» деп атап коюшат.

- Баштемасы жүрөгүңүздү түшүрдүбү? Жиниңизге тийдиби? Же таң калтырдыбы? А балким өтө кубандыргандыр? Хмм, бул жерде иш таза эмес.

- Жазып жаткан редакциянын/автордун максаты эмнеде? Талдап көрүңүзчү.

- Адамдардын ысымдары, жерлер, уюмдардын аталыштары барбы? Бар болсо алар тууралуу ар кандай маалыматтарды издеп чыгыңыз.

- Эгер маалыматта эч кандай аталыштар болбосо, негизги ачкыч сөздөрдү тандап, аларды интернетте издеңиз.
  Мисалы: «Бүгүн түнкү саат 12ден кийин вертолет менен дары чачылат. Эшик, терезелерди жаап, балдарыңарды сыртка чыгарбагыла!».
  Ачкыч сөздөр: түнкү саат 12, дары, вертолет.

## КӨП УЧУРДА СҮРӨТТӨР КИШИЛЕРДИН КӨҢҮЛҮН АЛАТ ЭМЕСПИ. СҮРӨТТҮН ЖАСАЛМА ЖЕ ЧЫН ЭКЕНДИГИН АНЫКТОО ҮЧҮН ТӨМӨНКҮ КУРАЛДАРДЫ КОЛДОНУҢУЗ:

Google, Yandex издөө системаларында «картинки» бөлүмү бар. Ар бир сүрөттүн өзүнүн дареги болот. Ошол URL дарегин көчүрүп алып, же болбосо сүрөттүн өзүн «картинки» бөлүмүнө жүктөп, ал сүрөттүн качан дагы кайсы жерде колдонулганын билип алыңыз.

TINEYE, INVID сүрөттү шилтеме аркылуу издеп табат. Же сүрөттүн өзүн да жүктөп тапса болот. Бул ресурста табылган сүрөттөрдү жүктөлгөн датасы жана өлчөмүнө жараша иретке келтирсе болот. Баса, INVIDде видеону да таба аласыз.

Youtube DataViewer аркылуу видеону кадрларга бөлүп көрө аласыз. Ал кадрларды кайрадан башка ресурстардын жардамы менен дагы кайсыл жерлерде колдонулгандыгын билсе болот. Ошондой эле бул жерде видеонун жүктөлгөн датасын жана саатын көрө аласыз.

FotoForensics.com сүрөттө фотошоп колдонулгандыгын аныктайт. Жүктөлгөн сүрөткө эгер кандайдыр бир элементтер кошулган болсо, ал дароо өңү-түсүнөн билинип калат. Сонун бекен?

## ИНТЕРНЕТ/СОЦТАРМАКТАГЫ АДАМДАРДЫ ТАБУУ ҮЧҮН КЕРЕКТҮҮ ПРОГРАММАЛАР:

Социалдык тармактардагы фейк аккаунттарды чын аккаунттардан ажыратып табууга мүмкүндүк берет. Адамдын аты-жөнү боюнча маалыматты издейт. Эгер сиз белгилүү адам болсоңуз, анда сиздин атыңызга катталган фейк аккаунттарды таба аласыз.

Кызматы тармактагы адамдын «изин» издөөгө арналган. Ага латын тамгалары менен адамдын атын жана фамилиясын киргизүү керек. Система аны социалдык тармактардан издейт.

Домен жана сайттын IP-дарегин, ал кимдин атына жана качан катталганын, каттоочунун жайгашкан жерин жана байланыш маалыматын аныктайт. Ошондой эле, бул жерде башка акысыз домендерди текшере аласыз.

## КУЛАГЫҢЫЗГА КҮМҮШ СЫРГА:



Фейк менен күрөшүүнүн анык бир жолу жок. Анткени фейктин чеги болбойт. Болгону тастыкталбаган маалымат менен бөлүшпөңүз. Муну менен жалган маалыматтын таралып кетпешине өз салымыңызды кошосуз.

Баса, factcheck.kg сайты фактылардагы текшерүүдө сизге жардамчы болот.

Азыр аздыр-көптүр өзүн заманбап сезген адамдардын маегинен «подкаст» деген сөз кулакка илинип калат. Бирөө аны жаздырганын айтса, экинчиси аны укканын айтат. Сиз деле алардын катарында болгуңуз келеби?

# ПОДКАСТ ЖАЗДЫРУУНУН КАДАМДАРЫ

## АЛГАЧ «ПОДКАСТ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Бул сөз iPod жана broadcasting (берүү, уктуруу) сөздөрүнүн айкалышынан келип чыккан. Подкаст – аудио же видео форматындагы радио жана телекөрсөтүүлөрдүн стилиндеги берүүлөр.
Же
Аудиоблог. Бир платформада үзгүлтүксүз жарыяланып турган аудиофайлдардын сериясы.

## ЭМНЕ ҮЧҮН ПОПУЛЯРДУУ?

– Видео көргөндө жана текст окуганда мээ менен кошо көздөр ишке киришет. Башка нерсе менен алектене албайбыз. Ал эми подкастты каалагандай учурда (чуркап бара тканда, идиш жууганда, машине айдаганда ж.б) уга алабыз. «Радио эле го...» дешиңиз мүмкүн. Туура, радиого окшош. Бирок радиодо контентти башкара албайбыз, а подкасттар тандоо эркиндигин берет.
– Угуучу менен эмоционалдык байланыш жаралат. Видеоблогерлер жана радио алып баруучулардай эле подкасттын алып баруучулары да адамдарда эмоционалдык реакцияны пайда кылат. Бул, албетте, угуучу үчүн жагымдуу.

## ЭМНЕДЕН БАШТАЙСЫЗ?

– Подкаст эмне жөнүндө болорун так аныктоо керек. Мисалы, жөн гана кино тууралуу эмес, жаңы чыккан тасмаларды анализ кыла турчу подкаст.
– Сиздин оюңуздагы подкаст интернетте эчак эле бар болушу мүмкүн. Изденициз. Сиздин подкаст эмнеси менен өзгөчө болот?
– Жанрды аныктоо. Кайсы жанр сиздин идеяңызды мыкты чагылдырат? Ток-шоу, интервью, монолог, документалдуу, журналисттик иликтөө, аналитикалык подкаст же комедия ж.б.
– Подкасттарды чыгаруу мөөнөтүн алдын-ала белгилеп, пландоо керек. Аларды жума / эки жума / ай сайын чыгарууга убактыңыз, күчүңүз жетеби?



## ТИМЕЛЕ УКМУШ АТАЛЫШ ТАНДОО

– Подкастын аты эсте каларлык, заманбап, темага дал келген, оригиналдуу болушу керек.
– Ойлоп тапкан аталышты интернеттен издеп көрүңүз. Балким, андай подкаст эчак эле чыгарылган?
– Идеяңыз жок болуп жатса, идеялуу досторуңуз бар болсо керек.

# ПОДКАСТ ЖАЗДЫРУУНУН КАДАМДАРЫ

## КАНДАЙ ТЕХНИКА КЕРЕК?

Подкасттын сапаттуу үнү – угуучуларга болгон урмат. Башында микрофон, смартфон, смартфонго/компьютерге көчүрүлгөн аудиоредактор жетиштүү. Үн жаздырганы тынч, үн жаңырбаган бөлмө керек. Кийин сөзсүз жакшы микрофон, керектүү жабдыктарды сатып алуу, өзүнчө бир студияны жасоо тууралуу ойлонуу зарыл болот.

## ПОДКАСТ ЖАЗДЫРУУГА ДАЯРДАНУУ

– Теманы аныктоо, маалымат топтоо. Темага байланыштуу башка подкасттар болсо, аларды изилдеп, тажрыйбасынан сабак алуу.
– Сценарий жазуу. Бардыгын сөзмө-сөз жазуунун кереги жок. Чыгарылыштын жүрүшүн көзөмөлдөп, темадан чыгып кетпеш үчүн жана убакыт коротпош үчүн маанилүү эскертүүлөрдү жазып алуу абзел.

Мисалы:
– Таанышуу-учурашуу;
– Биринчи жолу угуп жаткандар үчүн подкаст жөнүндө кыскача айтып берүү;
– Эгер угармандардан суроолор болсо, аларга жооп берүү;
– Негизги теманы талкуулоо: бул жерде суроолордун тизмеги керек;
– Подкастты кайдан угууга мүмкүн экендигин эскертүү.

## БАКАСЫЗ КӨЛ БОЛБОЙТ, МОНТАЖСЫЗ ПОДКАСТ БОЛБОЙТ.

Компьютериңизге (смартфонго) үн редактор программаларын орнотуп алыңыз. Алардын ичинен эң популярдуулары Audacity, Adobe Audition, SonyVegas. Иштөө принциби бирдей: экранга үн толкун схемасы чыгат. Кайсы бир үн фрагментти жок кылуу үчүн ошол убакыт аралыгын белгилеп «өчүрүү» баскычын басуу керек.

Сүйлөшүүдө узак тыныгууларды, үшкүрүүлөрдү, жаңылыш айтылган сүйлөм/сөздөрдү же подкастка тиешеси жок ашыкча нерселерди алып салыңыз. Бул этапта үн режиссердун жардамына кайрылсаңыз ашыкча болбойт.

Музыка кошуу үчүн композиторго буйрутма бериш керек. Же болбосо подкаст жана видеолор үчүн атайын музыка базаларына (мисалы: Free Music Archive, Freesound, Creative Commons Music) кирип, тандап алсаңыз болот.

Сүрөт дагы подкасттын маанилүү элементи болуп саналат. Оригиналдуу сүрөт сиздин долбоорду илгерилетүүгө жардам берет. Сүрөттө майда деталдар болбогону жакшы, анткени алар кийин тиркемелерде көрүнбөй калат. Дизайнерге идеяларыңызды сунуштап буйрутма бергениңиз оң.

## ПОДКАСТ БЫШТЫ, КОЛУМА ТҮШТҮ. АНДАН АРЫ?

Биринчи кезекте YouTube’га жүктөңүз. Анткени ал эң оңой платформа. Подкасттар үчүн азырынча бирдиктүү платформа жок, андыктан бардык жерде болууга аракеттениңиз: Apple Podcasts, Google Podcasts, Spotify, Cast-Box, Soundcloud, Anchor.fm, Yandex.Music ж. б. Ар бир платормага файлды жүктөөнүн кажети жок. Жөн гана бир платформада, мисалы Soundcloud же Castboxко катталып, ал жакка файлдарды жүктөңүз. Платформа өзү RSS-шилтемени жаратат. Ошол RSS-шилтеменин жардамы менен жогорудагы көптөгөн платформаларга подкастыңызды жайгаштыра аласыз.

Баса, подкастты жөн гана аудио түрүндө эмес, видео түрүндө да тарста болот. Айтмакчы, видео тартууда эмнелерди эске алуу керек?

# ВИДЕО ТАРТУУ СЫРЛАРЫ

Видео тартуу үчүн профессионалдуу камеранын болушунун зарылчылыгы жок. Болгону Айфон 12 жетишет. Тамаша. Эң башкысы – фантазияга эркиндик берүү жана сценарийдин болушу.
Сценарий – видеодо боло турчу көрүнүштүн ар бир кадамын текст түрүндө жазып алуу: Ким/эмне тартылат? Кандай, кайда? Эмнелер айтылат? Кошумча дагы ким/эмнелер катышат?

Сценарий бар. Каармандар/атрибуттар бар. Локация (тартылуучу жай) табылды. Керектүү нерселер кол алдыңызда.

Смартфонуңуз кубатталганбы? Тартуу учурунда эң кызык мезгилде өчүп калбайбы? А эс тутуму толуп калган эмеспи? Видео тартуу көп көлөмдү ээлейт. Андыктан, анча маанилүү эмес маалыматтардан телефонуңузду бошотуп коюңуз.
Баштадык.

## ОБЪЕКТИВ ТАЗАЛЫКТЫ КӨРДҮ БЕЛЕ?

Видео тартып баштоодон мурун, объектив таза, анын бетинде тактар жана майда нерселер жок экендигин текшерип алыңыз. Болбосо, каарманыңыздын чекесинде кокусунан «кал» пайда болуп калышы мүмкүн.

## ГОРИЗОНТАЛДУУ ФОРМАТ

Көптөгөн колдонуучулар телефонду кандай абалда кармаса, ошол бойдон – видеону тигинен тартышат. Бирок, видео даяр болгондо компьютерден көрүлөрүн же YouTube каналына жүктөлөрүн унутпаңыз. Тигинен тартылган видео капталдарынан кесилип, кадрдагы адам Спанч Боб болуп калат.

## ОО, ЖАРЫК!

Сүрөт тартуудагыдай эле, видео тартканда да, туура жарык берүү жакшы натыйжа берет. Видеону таза абада эртең менен же күн батаарга 2-3 саат калганда тарткан абдан жакшы. Бул жерде эң башкысы – күндүн нуру объективге тийбеши керек, антпесе тасма өтө ачык болуп калат.

## ЖАКЫН-АЛЫС, ОТУР-ТУР...

Кадрда кыймыл көп болсо дагы, бир кадрда тартылган видеолор аябай кызыксыз болуп калат. Ошондуктан, оператор тартуу чекити жана бурчту гана эмес, пландарды да өзгөртүүсү керек.

**ЖАЛПЫСЫНАН ПЛАНДАРДЫН 6 ТҮРҮ БАР:**
Деталь – мисалы, адамдын көзү, бактын жалбырагы, дарыядагы таш ж.б.;
Чоң план – экранга толо кишинин же нерсенин бети;
Биринчи ортолотулган план – адамдын фигурасынын белден жогорку бөлүгү;
Экинчи ортолотулган план – адамдын тизеге чейинки фигурасы;
Жалпы план – адам же нерсе толугу менен кадрда жайгашкан, бирок жогору жана төмөн жагында «аба» кала тургандай;
Алыскы план – объект кадр бийиктигинин 1/7 же андан аз көлөмүн ээлейт.

## ЗУМГА ЖОЛ ЖОК!

Көпчүлүк смартфондор санариптик зум менен жабдылган. Чындыгында, бул функция жакшы видео тартууда кереги жок. Себеби аны менен тартууда пикселдер азыраак катышат, видеонун сапаты начарлайт. Эгер жакын тартуу керек болуп жатса паузага коюп, камераны тартылып жаткан нерсеге жакындатып, анан кайра улантыңыз.

## ЖЕР ТИТИРЕДИБИ?

Титиреп, кыймылдап тартылган видео кимге жаксын? Штативди колдонуңуз. Эгер андай мүмкүнчүлүк жок болсо... скотч бар! Адамдан амал качып кутулбайт эмеспи.

## СИМФОНИЯНЫ УГУУ ЖАКШЫ ДЕЧИ, БИРОК КӨРҮҮ...

Бир саатка созулган видеону тартпай эле койгонуңуз оң. Биринчиден, аны интернеттин каалаган жерине жүктөө кыйынга турат. Экинчиден, аны көрүү ыңгайсыз. Үчүнчүдөн, монтаж учурунда аны менен иштөө ыңгайлуу эмес.

## ЧОҢ АТАМДЫН ЧОКОЮ КАДРДА ЭМНЕ КЫЛЫП ЖҮРӨТ?

Розеткалар, банандын кабыгы же дагы башка нерселер кадрга кириши мүмкүн. Алгач видеону тартып баштай электе ушунун баарын смартфондун экранынан байкап көрүңүз.

## ДЕМ АЛ, ЭС АЛ!

Эгерде сиз диалог же монолог пландаган болсоңуз, анда тыныгууларды байкаңыз. Жазуу баскычын баскандан кийин, бешке чейин ичиңизден санап, сүйлөп жаткан адамга «баштадык» дегенсип баш ийкеңиз. Ал сүйлөп бүткөндөн кийин камераны өчүрүүгө шашылбаңыз. Үнчукпай бешке чейин санап, андан соң жазуу баскычын өчүрүңүз. Бул тыныгуулар монтаж кылганда абдан керек болот.

## ЫЯ? КҮРӨКПҮ ЖЕ ЖҮРӨКПҮ?

Эл көп жүргөн көчө же музыкасы менен кафе болбошу керек. Сиз микрофону жок смартфонго тартып жаткандыктан үнүңүз өтө эле тынч болуп угулуп, монтаждоо учурунда да кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн. Анан дагы катуу сүйлөгөндү унутпаңыз! (Кымбат эмес «петличка» микрофон сатып алсаңыз эң сонун болот).

## ЭМИ МОНТАЖДОО:

- Хронометраж менен иштөө - керексиз бөлүктөрдү кесүү, видеону белгилүү бир убакытка чейин тууралоо (мисалы, клип тартсаңыз анын фонунда музыка угулат).
- Кадрлар менен пландардын ортосунда кызыктуу өткөөлдөрдү кошуу.
- Эффекттерди кошуу.
- Заставка, титр, субтитрлер керек болсо кошуу.
- Видеону керектүү форматка конвертациялоо.



### *ЫҢГАЙЛУУ ВИДЕОРЕДАКТОРЛОР:*

**Adobe Premiere Clip** – 2003-жылдан бери алдыңкы видео редактор болуп келет.

**Premiere Clip** – Adobe программасынын мобилдик версиясы.


**PowerDirector** – жогорку сапаттагы видеолорду дароо YouTube, Vimeo'го жүктөп же почта аркылуу жөнөтө аласыз. Эгерде смартфонуңузда SloMo функциясы жок болсо, дароо бул видеоредактор аркылуу кошуп алсаңыз болот.

Видео даяр болуп бүткөн соң аны дароо коомчулукка чыгарууга шашылбаңыз. 3-5 жолу өзүңүз кайталап көрүңүз. Бүгүнкү оюңуз алмашып, эртең жаңы пикир, көз караш пайда болушу мүмкүн.

Финишке жетип келгениңиз менен куттуктайбыз!
Бул колдонмо сиз үчүн пайдалуу болду деген үмүттөбүз.

Сиз жараткан контент колдонуучулар үчүн керектүү жана кызык болот деп ишенебиз.
Эң башкысы – мезгилден артта калбай, дайым издениңиз.

Блогинг жолуңуз байсалдуу болсун!




**ДАЯРДАГАН:**

ЭРКАЙЫМ АЛИЕВА

ГҮЛЖАН ЭШБАЕВА

ГУЛЗИРА КЕНЕШОВА

**ДИЗАЙН:**

МИЛЕН МИРЖАЛАЛОВ


.ҮЧ.ЧЕКИТ.